КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ОШ ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ | МЭРИЯ ГОРОДА ОШ

**ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

2023-жылдын "31" октября, № 1011

**Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын жүргүзүп жаткан ишмердүүлүгү жана "Геопортал" электрондук маалыматтык системасынын долбоорунун аткарылышы жөнүндө**

Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын ишмердүүлүгү жана "Геопортал" электрондук маалыматтык системасынын долбоорунун аткарылышы жөнүндө маалыматтарды угуп, талкуулап мындан ары муниципалдык менчик тармагында жүргүзүлүп жаткан иштерди жакшыртуу максатында, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамынын 44, 45, 48-беренелерин жана "Ош шаарынын статусу жөнүндө" Мыйзамынын 8, 18, 20, 21-беренелерин жетекчиликке алып, Ош шаарынын мэриясынын Коллегиясы **токтом кылат:**

1. Ош шаарынын аймагында муниципалдык менчик тармагында аткарылган иштер жана кемчилдиктер жөнүндө Ош шаарынын мэринин орун басары З.Б. Юсуповдун маалыматы жана Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын башчысынын орун басары Д.Б. Мурзалиевдин отчету эске алынсын.

2. Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы (К.К. Имарова) тарабынан төмөндөгү иш аракеттерди тез арада аткаруу милдеттендирилсин:

- Ош шаарынын мэриясынын "Геопортал" бирдиктүү электрондук автоматташтырылган маалыматтык системалык программасына маалыматтарды киргизүү иштери күчөтүлүп, 2023-жылдын 31-декабрына чейин толук бүткөрүлсүн;
- жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүү үчүн кошумча резервдерди табуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн;
- жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө муниципалдык мүлктөрдү ижарага берүүдөн түшүүчү жыйымдарга жеткирилген 2023-жылдын пландык тапшырмасы толук көлөмдө аткарылсын;
- шаар аймагындагы жалпы көрнөк-жарнактардын абалы талаптарга ылайык тартипке келтирилсин;
- Ош шаарынын аймагындагы жеке менчикке берилип кеткен мүлктөрдү муниципалдык менчикке кайтаруу боюнча күчөтүлгөн тартипте иштер алып барылсын.
- Ош шаарынын аймагындагы жана жол боюнда курулган мыйзамсыз курулуштарды алып салуу жана тартипке келтирүү боюнча иш-чаралар аткарылсын.
- Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын аймактарга бөлүнгөн кызматкерлери ижарага берилген жана өздөрүнө бөлүнгөн планды аткаруу максатында салык эмес кирешелерди толтуруу иштерин толук түрдө жүргүзүшсүн.
- Мамлекеттик сатып алууларды талаптарга ылайык, мыйзам чегинде комиссия мүчөлөрү күчөтүлгөн тартипте коррупциялык элементтерге аралашпаган багытта иш жүргүзүшсүн.
- Мамлекеттик сатып алуудан алынган мүлктү кабыл алууда тиешелүү мекеме-ишканалардын жетекчилери жана тиешелүү адистери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, белгиленген тартипте иш жүргүзүшсүн.

3. Токтом "Ош шамы" гезитине жарыялансын.

4. Токтомдун талаптарын аткарууда Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын бардык муниципалдык кызматчыларынын жоопкерчилиги белгиленсин.

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ош шаарынын мэринин орун басары З.Б. Юсуповго жүктөлсүн.

Мэр Б.Ж. Жетигенов

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ОШ ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА МЭРИЯ ГОРОДА ОШ ДОКУМЕНТТИК КАМСЫЗДОО ЖАНА КӨЗӨМӨЛДӨӨ БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ ДОКУМЕНТАЦИОННОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ КОНТРОЛЯ ИНН 02508200210109